У. К. Тажибаеванын "XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" деген 13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

**п и к и р**

У. К. Тажибаеванын диссертациялык иши толук бүткөрүлгөн, өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп эсептелет. Бул диссертациялык иш XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгууга арналган.

Диссертациянын курамы 3 главадан турат. Биринчи главада кесипкөй акындардын XX кылымдын 70–90-жылдар аралыгындагы чыгарма-чылыктарындагы өзгөчөлүктөр, алардын жалпы орто билим берүүчү мектептин V–XI класстарында окуп-үйрөнүүгө деп сунушталган поэтикалык туундуларын талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздери, адабиятты окутуудагы заманбап технологиялар, кыргыз адабияты предметин мектепте заманбап салттуу жана интерактивдүү окутуу, андагы колдонулчу метод-ыкмалар маселелери чечмеленген.

Экинчи главада адабиятты мектепте предмет катары өздөштүрүүнүн адабияттык окуу курсунда, тактап айтканда, орто мектептин V–VII класстарында XX кылымдын 70–90-жылдарынын профессионал поэзиясынын урунттуу үлгүлөрүн окуп-үйрөнүү, талдап өздөштүрүү маселелери каралган жана олуттуу сунуштар берилген.

Үчүнчү главада XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясын системалуу курста заманбап талаптарда окутуунун, талдап үйрөнүүнн теориялык жана практикалык маселелери каралган.

Диссертациянын негизги максаты катары XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын мектептик окуу программасына киргизилген чыгармаларын үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, аларды окутуунун усул-ыкмаларынын

тууралыгын педагогикалык тажрыйбада текшерип көрүү жана алгылыктууларын окутуу практикасында колдонууга сунуштоо айкын таржымалданган.

У. К. Тажибаева аталган диссертациялык эмгегинин алдына төмөнкүдөй милдеттерди койгон: XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын жалпы өзгөчөлүктөрүн, тенденцияларын, ал мезгилдеги профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн аныктоо; аталган мезгилдеги кыргыз профессинал поэзиясынын мектептеги адабият предметинде үйрөтүлүүчү чыгармаларын окутуунун психологиялык-педагогикалык жана методикалык аспектилерин, аларды өркүндөтүүнүн педагогикалык мүмкүнчүлүгүн ачып берүү; өткөн кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын туундуларынын учурдагы нормативдик документтерде, методикалык адабияттарда берилишинин анализин жүргүзүп, ал мезгилдеги поэтикалык чыгармаларды жалпы орто билим берүүчү мектепте окутуунун технологияларын жана моделдерин иштеп чыгуу; иштелип чыккан технологияларды жана моделдерди илимий-эксперименталдык жол менен негиздөө.

Бул изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык мааниси төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт: XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын материалдарынын жалпы өзгөчөлүктөрү жана аны мектепте үйрөтүүнүн бөтөнчөлүктөрү аныкталгандыгы; аталган мезгилдин акындарынын чыгармаларынын окуу программаларынан, окуу китептеринен орун алышынан азыркы абалы жана аны өркүндөтүүнүн жолдорунун көрсөтүлгөндүгү; профессионал акындардын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасынын иштелип чыккандыгы. Бул илимий изилдөөдө иштелип чыккан теориялык ойлор жана методикалык сунуштар илимий-практикалык сынактан өткөрүлгөн.

Бул изилдөөдөн келип чыккан ойлор, тыянактар, сунуштар өлкөнүн жалпы орто билим берүүчү мектептеринде кыргыз адабиятын окутууну жакшыртууда, окуу программаларын, окуу китептерин, окуу колдонмолорун түзүүдө, педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларында, мугалимдерди кайра даярдоо, адистигин жогорулатуу тармактарында окутулуучу курстардын сапатын өркүндөтүүдө практикалык көмөк көрсөтө алат.

Диссертацияда коргоо үчүн төмөнкүдөй негизги жоболор коюлган:

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы профессинал кыргыз поэзиясынын чыгармаларынын жаралышына өбөлгө болгон тарыхый-социалдык шарт-жагдайлар жана алардын окутуу процессинде эске алуунун зарылдыгы; аталган мезгилдин поэтикалык чыгармаларынын мектеп окуу программаларына, окуу китептерине киргизилиш абалы жана аларды окутуунун проблемалары; кыргыз профессионал акындарынын өткөн кылымдын акыркы чейреги аралыгында жазган поэтикалык чыгармаларын орто мектепте окутуп-үйрөтүүнүн азыркы талаптары жана аларды өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздери.

Иштин апробацияланышын тастыктаган автордун эмгектеринин саны да, сапаты да кандидаттык диссертацияларга жүктөлүүчү талаптарга толук жооп берет. Жактоого коюлуучу негизги жоболор илимий жактан туура жана негиздүү.

Диссертациянын сүйлөмдөрү сапаттуу жана так. Ой-пикирлери негизинен логикалуу. Иштин натыйжаларын практикада колдонууга болот. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясынын мектептик окуу программасына киргизилген чыгармаларын үйрөтүүнүн натыйжалуу жолдорун жана ыкмаларын аныктоонун теориялык жана практикалык мааниси бар. Иштин маани-маңызын толук түрдө жалпы окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине (13.00.02) дал келет.

Диссертациянын авторефератында илимий эмгектин мазмунун толук чагылдырат.

Изилдөөнүн жыйынтык-натыйжалары 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) илиминдеги жетишкендик катары мүнөздөөгө толук татыктуу. Ишти коргоого сунуштаймын.

**Илимий жетекчи,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Президентине караштуу**
**Мамлекеттик тил боюнча улуттук**
**комиссиянын төрагасы,**
**педагогика илимдеринин**
**доктору, профессор** **Н. Ишекеев**